MJAVL
Manas Journal of Agriculture Veterinary and Life Sciences
ISSN 1694-7932 | e-ISSN 1694-7932
*Volume 13 (Issue I) (2023) Pages 84-90*

# Түркстандын Жети-Суу областынын Пишпек жана Пржевальский уездериндеги ветеринария тармагынын абалы (1868-1917-жж.)

**Гүлназ АСКАРБЕК**[1] **Аскарбек Зарлыкович ТҮЛӨБАЕВ**[2*]

[1] Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Коомдук илимдер институту, Тарых билим багыты,
Бишкек, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
[2] Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Ветеринария факультети, Ветеринарияга негиз илимдер бөлүмү,
Бишкек, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
*жооптуу автор: askarbek.tulobayev@manas.edu.kg

**АННОТАЦИЯ**

XIX кылымдын 60-жылдарынан баштап Кыргызстандын учурдагы аймактары Россия империясынын курамына каратылган. Ошондуктан Кыргызстандын ветеринария тармагынын XIX кылымдын акырындагы жана XX кылымдын башындагы абалы Россия империясынын ветеринария тармагынын өнүгүү тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Бул макаланын максаты – Түркстандын Жети-Суу областынын Пишпек жана Пржевальский уездериндеги ветеринария тармагынын 1868-1917-жылдардагы абалын Россия империясынын ветеринариясынын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн биринчи этабына салыштырып иликтөө болуп саналат. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында төмөндөгүдөй маалыматтар алынды: XIX кылымдын 70-жылдарына чейин Түркстанда эле эмес, Россиянын Европалык бөлүгүндө дагы “ветеринардык врач” термини көпчүлүк калкка белгисиз болгон. 1879-жылы Түркстан аймагына бодонун көк көйнөгү (*чума, Morbillivirus infectious disease, pestis bovum*) жугуштуу ылаңы жайылып, Россия өкмөтү ылаңды жоюу боюнча практикалык чараларды кабыл алып, каражат бөлүп, ветеринардык адистерди жөнөткөн. 1910-жылы Жети-Суу облусунда, андан кийин Түркстанда бодонун көк көйнөгүнүн эпизоотиясын токтотууга жетишишкен. Кыргызстандагы ветеринардык кызматтын башаты катары 1891-жылы Чалдыбарда ветеринардык пункттун ачылышы эсептелинип келген, бирок, Россиянын мамлекеттик императордук архивинин маалыматына ылайык 1888-жылдан баштап Беловодское айылында ветеринардык пункт иш жүргүзгөн. Демек, Кыргыз Республикасынын ветеринардык кызматынын тарыхый башаты 1888-жыл деп кабыл алынышы керек. 1907-жылдын 29-30-апрелинде Пишпекте ветеринардык врачтардын бодонун көк көйнөгү менен күрөшүүгө арналган кеңешмеси өткөрүлгөн.

**МАКАЛА МААЛЫМАТЫ**

**Обзордук макала**

*Жиберилген күнү:*
05.10.2022

*Кабыл кылынган күнү:*
25.12.2022

***Ачкыч сөздөр:***
*Кыргызстан, ветеринардык кызмат, ветеринария тарыхы*

# The State of Veterinary Medicine in Pishpek and Przhevalsky Counties of the Semirechye Oblast of Turkestan (1868-1917)

**ABSTRACT**

From the 60s of the 19th century, the current territories of Kyrgyzstan were included in the Russian Empire. Therefore, the situation of the veterinary medicine of Kyrgyzstan at the end of the XIX century and the beginning of the XX century is closely related to the history of the development of the veterinary medicine of the Russian Empire. The aim of this article is to investigate the state of veterinary medicine in Pishpek and Przhevalsky counties of the Semirechye Oblast of Turkestan in 1868-1917 compared to the first stage of formation and development of veterinary medicine of the Russian Empire. As a result of the research, the following information was obtained: until the 70s of the 19th century, the term "veterinary doctor" was unknown not only in Turkestan, but also in the European part of Russia. In 1879, the plague of cattle (Morbillivirus infectious disease, pestis bovum) spread in the Turkestan region, and the Russian government took practical measures to eliminate the disease, allocated funds and sent veterinary specialists. In 1910, they managed to stop the epizootic of plague in Semirechenskaya Oblast, and then in Turkestan. The beginning of the veterinary service in Kyrgyzstan was considered to be the opening of a veterinary station in Chaldibar in 1891, but according to the information of the State Imperial Archive of Russia, a veterinary station operated in the Belovodskoe village from 1888. On April 29-30, 1907, a meeting of veterinary doctors dedicated to combating the plague of cattle was held in Pishpek.

**ARTICLE INFO**

**Review article**

*Received:*
05.10.2022

*Accepted:*
25.12.2022

***Keywords:***
*Kyrgyzstan, veterinary service, history of veterinary medicine*

**To Cite:** Askarbek, G., & Tulobaev, A. (2023). The State of Veterinary Medicine in Pishpek and Przhevalsky Counties of the Semirechye Oblast of Turkestan (1868-1917). *Manas Journal of Agriculture Veterinary and Life Sciences*, *13*(1), 84-90. https://doi.org/10.53518/mjavl.1184575

CC BY-NC

## КИРИШҮҮ

Кыргыз элинин кылымдарды кечирген негизги чарба жүргүзүү формасы катары көчмөн малчылык эсептелинет (Mezhov 1870; Turdalieva 2008). Көчмөн малчылыкта малдын ден-соолугуна жана алардан алынган өндүрүмдөрдүн сапатына салттуу билимдерге таянган мал табыптар жооптуу болушкан. Ветеринариядагы салттуу билимдер жана ыкмалар мал табыптардын тажырыйбалуу улуу мүчөлөрүнөн жаш муундарына оозеки берилип (Askarbek жана Tulobaev 2021), "устат-шакирт" мамилелери аркылуу уланган. Мал ыландарын дарылоону эмчи-домчулар, шамандар, көз байлоочулар, дарымчылар жана молдолор дагы жүргүзүп келишкен (Aldashev 1989; Soltonoyev 1993; Tulobaev жана Salykov 2016).

Кыргызстандын ветеринария тармагынын XIX кылымдын акырындагы жана XX кылымдын башындагы абалы Россия империясынын ветеринария тармагынын өнүгүү тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Анткени XIX кылымдын 60-жылдарынан баштап Кыргызстандын учурдагы аймактары Россия империясына каратылып, жаңыдан түзүлгөн Түркстан крайынын курамына киргизилген.

Ал эми Россиянын Мамлекеттик ветеринардык кызматынын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн үч тарыхый этабынын 49 жылын камтыган биринчи этабы 1868-1917-жылдарга туш келет (Nikitin 2006).

Ушуга байланыштуу макаланын максаты – Түркстандын Жети-Суу областынын Пишпек жана Пржевальский уездериндеги ветеринария тармагынын 1868-1917-жылдардагы абалын Россия империясынын ветеринариясынын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн биринчи этабына салыштырып иликтөө болуп саналат.

## МАТЕРИАЛДАР ЖАНА МЕТОДДОР

Изилдөөлөрдүн объектиси болуп Түркстандын Жети-Суу областынын Пишпек жана Пржевальский уездериндеги XIX кылымдын акырындагы жана XX кылымдын башындагы ветеринария системасы каралды.

Изилдөөлөрдүн материалы катары ветеринария маселелери боюнча илимий булактар, илим-изилдөө мекемелеринин архивдик материалдары жана ченемдик укуктук актылар алынып, методу катары тарыхый хронологиялык жана салыштырма-тарыхый анализ ыкмалары колдонулду.

## ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖАНА ТАЛКУУЛОО

XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздардын негизги аймактары Россия империясынын курамына каратылган. Орус падышасынын 1867-жылдын 11-июлундагы №44831 жарлыгы менен «Семиречье (Жети-Суу) жана Сыр-Дарыя областарын башкаруу Жобосу" бекитилип, Түркстан генерал-губернатолугунун Жети-Суу областынын курамына Ысык-Көл (1889-жылдан Пржевальск) жана Токмок (1891-жылдан Пишпек) уездери киргизилген (Anonim 1871; Anonim 1947; Tukhtametov 2003; Saparaliyev 2004; Khalfin 2008).

Бул мезгилден баштап аталган уездердеги көчмөн кыргыздардын европалык маданиятка тартылуусу, Россиянын орус жана башка элдери менен болгон жакындашуусу башталган. Соода-сатык өнүгүп, өндүрүштүн алгачкы түрлөрү пайда болгон. Оруссиялык келгиндер кыргыздардын аймактарында айылдарды жана шаарларды курушуп, аларды жер иштетүүнүн жана мал чарбачылыгынын европалык ыкмалары менен тааныштырышкан (Aldashev 1989).

XIX кылымдын 60-жылдарына карата Россияда бирдиктүү ветеринардык кызмат болгон эмес. Ветеринардык врачтардын жана фельдшерлердин көпчүлүк бөлүгү ар кандай ведомстволордун курамында кызмат өтөшкөн. Россияда крепостук укук жоюлгандан кийин (1861), Ички иштер министрлигинин алдында ветеринария жаатын жакшыртуу жана малдын өлүмүн токтотуу боюнча чараларды кабыл алуу боюнча өзгөчө комитет иш жүргүзгөн (Nikitin 2006).

1868-жылдын 2-декабрында Россиянын Ички иштер министрлигинин курамында Борбордук ветеринардык башкармалыктын уюштурулушу, империяда малдын жана калктын ден-соолугуна болгон камкордуктун расмий башаты катары каралат. Борбордук ветеринардык башкармалыктын карамагына губерниялардагы жана уездердеги мамлекеттик ветеринардык кызмат (земство системасындагы), мал айдоочу жана темир жол станцияларындагы ветеринардык врачтар киргизилген. Земство системасындагы ветеринардык мекемелерден сырткары жеке ветеринардык клиникалык тармак жана жеке-ветеринарлар калкка акы төлөнгөн ветеринардык кымат көрсөтүшкөн. Ветеринардык кызматкерлердин олуттуу бөлүгү орус армиясынын курамындагы Ветеринардык башкармалыктын катарында болушкан (Skryabin 1969; Alekseyeva 2008; Lukyanov 2019; Lukyanov жана Udodov 2020).

XIX кылымдын 70-жылдарына чейин Түркстанда эле эмес, Россиянын Европалык бөлүгүндө дагы “ветеринардык врач” термини көпчүлүк калкка белгисиз болгон. Земстволук ветеринария уюштурулганга чейин малды чала сабат эмчи-домчулар (знахарь), коновалдар жана аз сандагы помещик-филантроптор дарылашкан.

1879-жылы Түркстан аймагына бодонун көк көйнөгү (*чума, Morbillivirus infectious disease, pestis bovum*) жугуштуу ылаңы жайылып, жергиликтүү малчылыкка чоң зыян алып келген. Бодонун көк көйнөгүнүн Россиянын европалык бөлүгүнө таралыш коркунучу пайда болуп, соода-сатыктын өнүгүшүнө дагы тоскоол болгон. Мына ушундай шарттарда, Россия падышалык өкмөтү, ветеринардык кызматынын сунушу менен, Түркстанда бодонун көк көйнөгүн жоюу боюнча бир топ практикалык чараларды кабыл алып, каражат бөлүп, ветеринардык адистерди жөнөткөн (Aldashev 1989; Zhunushov 1991).

Бирок, иш жүзүндө бодонун көк көйнөгү менен күрөшүү дээрлик 10-15 жыл кечигүү менен башталган.

Профессор А. Алдашевдин маалыматы боюнча (Aldashev 1989) Россиянын ветеринардык адистери Жети-Суу облусунун Пржевальский жана Пишпек уездерине бодонун көк көйнөгүнө каршы иш-чараларды жүргүзүү үчүн 1889-жылы келишкен. Ал эми Б.Ф. Мухлыниндин маалыматы боюнча (Mukhlynin 2022) бодонун көк көйнөгү менен күрөшүү иштери 1897-1898-жылдары башталган.

Кыргызстандагы ветеринардык кызматтын башаты катары 1891-жылы Чалдыбарда ветеринардык пункттун ачылышы эсептелинип келген (Aldashev 1989; Zhunushov 1991), бирок, Россиянын мамлекеттик императордук архивинин маалыматына ылайык (РГИА, ф. 391, оп. 8, д. 6, л. 1) 1888-жылдан баштап Беловодское айылында (учурда Кыргыз Республикасынын Чүй областына караштуу Москва районунун административдик борбору) ветеринардык көзөмөл пункту иш жүргүзгөн (Mukhlynin 2022). Демек, Кыргыз Республикасынын ветеринардык кызматынын тарыхый башаты 1888-жыл деп кабыл алынышы керек. 1901-жылы Беловодское айылындагы ветеринардык көзөмөл пункту ветеринардык тилке болуп кайра түзүлгөн (Mukhlynin 2022).

Акырындан ветеринардык кызмат калыптанып, анын жетектөөчү органдары түзүлө баштаган. Уездик ветеринардык врач кызмат орундары уюштурулуп, айрым аймактарда жана мал айдоочу жолдордо ветеринардык кызматтар иштеп, уездик ветеринардык аптекалар пайда болгон. Шаарларда касапканалар уюштурулуп, ветеринардык-санитардык көзөмөл жакшырган. Бирок ветеринардык кызмат өзүнө тиешелүү иштерди аткарганы менен, негизги көңүл бодонун көк көйнөгү менен күрөшүүгө бурулган. Ал учурда бодонун көк көйнөгү менен күрөшүүнүн негизги ыкмасы болуп, ылаңдуу жана ылаңга шектүү малды союу эле, бирок бул ыкма мал ээлерин, өзгөчө көчүп келген орустарды канааттандырган эмес. Ошондуктан 1901-жылдагы орус өкмөтүнүн мыйзамы менен бодонун көк көйнөгүнө тиешелүү болуп союлган бодого акчалай компенсация төлөнгөн. Бирок бул ыкма өкмөткө өтө эле кымбатка тургандыктан, өзүн актабай калган. 1902-жылдан баштап бодонун көк көйнөгүн алдын алуу максатында М.В. Ненцкий тарабынан иштелип чыккан жана Чита шаарында өндүрүлгөн сары сууну колдоно башташкан (Aldashev 1989).

Россиядан келген ветеринардык адистер бодонун көк көйнөгүнө каршы иш-чараларды жан аябай жана көшөрүп жүргүзүшүп, күрөшүү ыкмасын жана тактикасын өркүндөтүү менен, практикалык тажырыйба жана ык дагы топтошкон. Бирок төмөндөгү объективдүү себептер эпизоотия менен ийгиликтүү

күрөшүүгө жана аны тез жоготууга тоскоол болгон: адистердин жергиликтүү тилди билбестиги; жергиликтүү жагдайдын чоочундугу; уездердин аймактарынын кеңдиги; дарылоо-алдын алуу каражаттарынын жетишсиздиги; коммуникация татаалдыктары жана тиешелүү өндүрүштүк-турмуштук шарттардын жоктугу.

Ошону менен бирге эле, эпизоотия менен күрөшүүчүлөр көптөгөн уюштуруучулук жана усулдук каталарды кетиришкен. Аларда эпизоотияга каршы күрөшүүнүн бирдей схемасы болбогондуктан, эпизоотиялык жана этиологиялык себептерди, эпизоотиянын туруктуу очокторун так аныктай алышкан эмес. Алар, ооруну аныктоо максатында, ылаңдаган малды союп көрүшкөн. Бул болсо, бодонун көк-көйнөгүнүн жашыруун стационардык очокторунун пайда болушуна алып келген. Дагы бир кемчилик, бодонун көк көйнөгүнө каршы иш чаралар, көчмөн кыргыздардын ич ара жана Кытайдын аймагында калган кыргыздарга дайыма болуп туруучу миграциясын эске албастан жүргүзүлгөн (Aldashev 1989).

Земство ветеринариясынын түзүлүшү жана ветеринардык врачтардын санынын өсүшү менен тажырыйба алмашуу жана жайылтуу керектөөсү келип чыккан. Бул максатта губернияларда ветеринардык врачтардын съездери жана кеңешмелери уюштурулган. Съездерде жана кеңешмелерде эпизоотиялар менен күрөшүү, дарылоо жана земство ветеринариясын уюштуруу маселелери талкууланган. Земство ветеринардык врачтарынын Биринчи съезди Вятка губерниясында 1874-жылы өткөрүлсө, 1904-жылга чейин Россия империясында 148 съезд жана кеңешме өткөрүлгөн. 1907-жылдын 29-30-апрелинде Пишпекте ветеринардык врачтардын бодонун көк көйнөгү менен күрөшүүгө арналган кеңешмеси Түркстан крайынын ветеринардык бөлүмүнүн башкаруучусу Ф.Е. Курицындын төралыгында өткөрүлгөн (Sventsitskiy 1907).

Россиянын Ички иштер министрлигинин 1910-жылдын 12-августундагы №825-чечими менен Жети-Суу (Семиречье) областына 35 ветеринардык врач аныкталган. Алардын 32 адиси ветеринардык тилкелерге чектелсе, 3 адис областык башкармалыкка чектелген. Областа бардыгы 38 ветеринардык тилке ишкердик жүргүзгөн. Демек, областа ветеринардык адистердин жетишсиздиги байкалган. Пржевальск уездинде күзүндөгү кургакчылыктан жана март айындагы калың кардын натыйжасында жайыттардын кунардуулугу төмөндөп, жуттан мал өлүмү катталган. Жугуштуу ылаңдардан бодонун көк көйнөгү (*чума, Morbillivirus infectious disease, pestis bovum*), шарп (*aphtae epizooticae, ящур*), өлөт (*pleuropneumonia contagiosa bovum, повальное воспаление легких*), күйдүргү (*anthrax, сибирская язва*) (Пишпек уездинде 44 учур), кутурма (*rabies, lyssa, бешенство*), күл (*variola, чечек, оспа*) (Пишпек уездинде 1 очок) жана котур (*acaroidosis, чесотка*) катталган (Anonim 1915).

Чоң аракеттердин жана көп жылдык туруктуу иштердин натыйжасында 1910-жылы Жети-Суу облусунда, андан кийин Түркстанда бодонун көк көйнөгүнүн эпизоотиясын токтотууга жетишишкен. Бул ийгилик өлкөдө ветеринардык иштин андан ары өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн. Шаарларда жана калктуу пункттарда дарылоо-алдын алуу иштери колго алынып, ветеринардык-санитардык көзөмөл жакшырган. Ветеринардык кызмат малдын бир орундан экинчи орунга которулушун, малдан алынган чийки заттарды ташууну, мал базарларын, касапканаларды жана башка мал чарбасына тиешелүү объектилерди өзүнүн көзөмөлүнө алган (Aldashev 1989).

Бирок ветеринардык адистердин аздыгы, айылдардын жана кыштоолордун чачылып орун алгандыгы, ошондой эле падышалык чиновниктердин колониалдык мамилеси, жергиликтүү калктын малын туруктуу ветеринардык тейлөө менен камсыз кыла алган эмес.

Мына ушундай шарттардын негизинде өлкөнүн ар кайсыл аймактарында, малдын ар кандай жугуштуу ылаңдары маал-маалы менен катталып турган. Мисалы, 1885-жылы Кыргызстандын учурдагы аймагында бодонун өлөтү (*pleuropneumonia contagiosa bovum, повальное воспаление легких*) катталса, 1887-жылы Токмок уездинин Аламүдүн айылында күйдүргү (*anthrax, сибирская язва*) катталган. 1890-жылы Токмок жана Пржевальск уездеринде шарп (*aphtae epizooticae, ящур*), 1900-жылы Пржевальск уездинде, 1904- жана 1913-жылы Пишпек уездинде койлордун күлү (*variola, чечек, оспа*) катталган. 1914-жылы жылкыларды армияга чектөө учурунда массалык түрдө жүргүзүлгөн ветеринардык текшерүү учурунда маңка (*malleus, сап*) аныкталган.

Малдын жогорудагы жана башка жугуштуу ылаңдары чоочун жактардан алынып келинбегени табыгый нерсе, анткени бул жугуштуу ылаңдар көчмөндөрдүн мал-жандыктарында мурдатан эле болуп келген.

1910-жылдан баштап Пржевальск жана Пишпек уездеринин аймактарында 9 туруктуу иштеген төмөндөгү ветеринардык тилкелер түзүлгөн: Пишпек, Пржевальск, Токмок, Нарын шаарларында, Сазановка (*азыркы Ананьево*), Покровка, Көтмалды (*азыркы Балыкчы шаары*) жана Беловодское айылдарында. Булардан сырткары бийик тоолуу Аксай, Арпа жана Суусамыр жайлоолорунда жай мезгилдеринде иш жүргүзүүчү убактылуу ветеринардык тилкелер уюштурулган. Мындай уюштуруу иш чаралары көчмөндөрдүн малын ветеринардык тейлөөгө илимий негиздерди жайылтуунун аракеттери болгон. Бул иш чаралар, калкты отурукташтырууга болгон багыттардын бири болуп, ветеринардык ишти андан ары өнүктүрүүгө шарт түзгөн.

Падышалык Россия ветеринардык кызматты өтө эле начар каржылаган. Албетте, ал каражаттын эң эле аз бөлүгү колониалдык аймактарга тийген. Ошондуктан дайыма ветеринардык аспаптардын, медикаменттердин жана дезинфекциялык каражаттардын тартыштыгы “кендирди кесип келген”.

Ошондой болсо дагы, аймакта түзүлгөн ветеринардык кыматтын объектилери илимий ветеринарияны жана анын кызматын элге жайылтуунун очоктору болуп калган. Натыйжада, жергиликтүү калк мал чарбасын, селекцияны илимий негизде алып баруунун артыкчылыктарын сезе башташкан.

Орустун алдынкы ветеринардык адистери кыргыздарды айбандардын жугуштуу ылаңдарынын эпизоотиялары менен күрөшүүнүн илимий негиздерине үйрөтө башташкан. Алар, көчмөндөрдүн мал чарбачылыгынын ветеринардык-санитардык жана эпизоотиялык абалын иликтөө менен бирге эле, кыргыздардын элдик (салттуу) ветеринариясы менен дагы таанышышкан. Орустун кээ бир демократиялык маанайдагы адистери, жергиликтүү калк менен тыгыз мамиле түзүшүп, тилин, турмуш-тиричилигин жана үрп-адаттарын үйрөнүшкөн. Жогорку билимдүү жана маданияттуу кишилер катары, алар сабатсыз кыргыздарды Европанын алдынкы маданиятына, кат таанууга тартышкан. Алардын бир тобунун ысымдарын кыргыз ветеринардык адистери бүгүнкү күнгө дейре сыймыктануу менен атап келишет. Алар: XIX кылымдын 90-жылдарында келишип, ветеринардык иштерди уюштуруп, аны жүргүзүшкөн – Пишпек уездиндеги С.Ф. Заремба, Е.М. Чеботов; Беловодскидеги Н.А. Терновский; Токмоктогу В.А. Якубовский жана Пишпектеги У.Б. Базанов, С.М. Воскресенский; Пржевальск уездиндеги С.Н. Осокин, А.Н. Касаткин (Anonim 1912), П.И. Ливотов.

Эң өкүнүчтүүсү, Совет мезгилине чейин кыргыздардын арасынан бир дагы киши атайын ветеринардык адистик ала алган эмес. Ошондой эле, Россия империясынын мезгилинде Кыргызстандын аймагында ветеринардык багыттагы бир дагы окуу жайы жана ветеринардык лаборатория ачылган эмес (Anonim 1950).

Кемин өрөөнүнөн чыккан Жанек (Жакып) Солтоноев Варшава ветеринардык институн 1910-1914-жылдарда окуп, Биринчи дүйнөлүк согуштун айынан институтту бүтпөй калып, 1929-жылы Алматыдагы зооветеринардык институтту экстерно бүтүрсө (Aldashev 1989; Kadyrov 2008), 1911-жылы Абдыкерим Сыдыков гимназияны аяктап, окуусун улантуу үчүн Казань университетинин ветеринария факультетине тапшырган. Бирок, ал жактын суук жана нымдуу аба ырайы ден соолугуна тескери таасирин тийгизип, университетти бүтпөй калган (Ploskikh 2016; Kubatova 2020).

Ал эми кыргыз элинин турмушунда «ветеринария», «ветеринар» жана «мал доктур» терминдери пайда болуп, кыргызча булактарда XX кылымдын 20-жылдарынан баштап колдонула баштаган.

## КОРУТУНДУ

Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында Түркстандын Жети-Суу областынын Пишпек жана Пржевальский уездеринде XIX кылымдын акырындагы жана XX кылымдын башындагы ветеринария системасы жаңыдан гана элдик (салттуу) ветеринария этабынан, илим-билимге таянган заманбап ветеринария этабына өтүү абалында экендиги аныкталды.

Аймакта малдын жугуштуу жана жугушсуз ылаңдары кеңири жайылып, жаңы ветеринария системасына жана ветеринария жаатындагы илим-билимге муктаждык ачыкка чыккан.

Изилдөөлөр, Кыргыз Республикасынын ветеринардык кызматынын тарыхый башатын 1888-жыл деп эсептелиши керектигин тастыктады.

## КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН КАГЫЛЫШЫ

Бул макалада кызыкчылыктардын кагылышы жок.

## АВТОРЛОРДУН САЛЫМЫ

Бул макалада авторлор бирдей өлчөмдө салым кошушкан.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


Aldashev, A.A. (1989). *Etapy razvitiya veterinarii v Kirgizii*. Ilim, Frunze, 124. (in Russian).

Alekseyeva, L.V. (2008). Sostoyaniye veterinarnogo dela v gody revolyutsii i grazhdanskoy voyny. *Vestnik NVGU*. 1: 64-69. (in Russian).

Anonimus (1871). Ob uchrezhdenii Turkestanskogo general-gubernatorstva v sostave dvukh oblastey Semirechenskoy i Syrdar'inskoy ot 20 iyulya 1867 g. Polnoye Sobraniye Zakonov Rossiyskoy İmperii. Sobraniye vtoroye. Tom XLII. Otdeleniye pervoye. 1867 №44831. Sankt-Peterburg. V tipografii II-otdeleniye Sobstvennoy Yego Imperatorskogo velichestva Kantselyarii. S. 1150-1151. (in Russian).

Anonimus (1912). Kyrgyz Respublikasynyn Ysyk-Kөl oblastyk arkhivi. F. 1070. Op. 1. D. 6. L. 75-80. (in Russian).

Anonimus (1915). Obzor Semirechenskoy oblasti ... za 1913 god. [2], 110, LXI s. Vernyy: Tip. Semirech. obl. pravleniya, 1883-1915. http://elib.shpl.ru/ru/nodes/50512-obzor-semirechenskoy-oblasti-po-godam-vernyy-1883-1915. (in Russian). (kayryluu datasy: 14.05.2022).

Anonimus (1947). Istoriya narodov Uzbekistana. Tom 2. Ot obrazovaniya gosudarstva Sheybanidov do Velikoy Oktyabr'skoy sotsialisticheskoy revo͡lyutsii. Pod redaktsiyey ... S.V. Bakhrushina i V.A. Shishkina. Institut Istorii i Arkheologii Institut Istorii, Akademii͡a Nauk Uzbekskoĭ SSR. Tashkent. 514 (255). (in Russian).

Anonimus (1950). Proyekt "Kyrgyzskiy fotoarkhiv". Kirgiziya. Nauka i Obrazovaniye. Veterinariya. http://www.foto.kg/galereya/page,1,129,1521-kirgiziya-nauka-i-obrazovanie-veterinariya.html. (in Russian). (kayryluu datasy: 11.05.2022).

Askarbek, G., Tulobaev, A. (2021). Mal ylaңdaryn aldyn aluudagy kyrgyz elinin salttuu ykmalary. *Manas Journal of Agriculture Veterinary and Life Sciences*. *11*(2): 138-144. (in Kyrgyz).

Kadyrov, Y. (2008). *Kyrgyzdyn Ginness kitebi*. Mamlekettik til zhana entsiklopediya borboru, Bishkek. 216. (in Kyrgyz).

Khalfin, H.A. (2008). *Tsentral'naya Aziya v sostave Rossiyskoy imperii*. Moskva. 62-100. (in Russian).

Kubatova, A.E. (2020). Abdykerim Sydykov and Some Issues of the Formation of the National Intelligence. *Bulletin Kyrgyz State University by I. Arabaeva. 4:* 39-45. DOI: 10.33514/1694-7851-2020-4-39-45. (in Russian).

Luk'yanov, S.A. (2019). Rol' Ministerstva vnutrennikh del Rossiyskoy imperii v razvitii veterinarii i veterinarno-epizooticheskogo nadzora: monografiya. S.A. Luk'yanov, I.A. Tarasova. Moskovskiy universitet MVD Rossii imeni V.YA. Kikotya. Moskva. 155. ISBN 978-5-9694-0681-0.

Luk'yanov, S.A., & Udodov, A.G. (2020). Earth Veterinary Medicine: Formation and Development in the Second Half of the 19th and Early 20th Centuries. Obrazovaniye. Nauka. *Nauchnyye kadry*. *4*: 86-90. DOI 10.24411/2073-3305-2020-10206. (in Russian).

Mezhov, V.I. (1870). Skotovodstvo. *Turkestanskiy sbornik.* T. XXII. S.-Peterburg. 133-151. Kyrgyz-Turkish Manas University Library. Türkistan derlemesi http://ts.manas.edu.kg/index.php/tr/mainpage/index (kayryluu datasy: 13.10.2021). (in Russian).

Mukhlynin, B.F. (2022). Istoriya sela Belovodskoye. https://belovodskoemuh.ucoz.ru/publ/moi_ocherki/osnovanie_belovodskogo_i_dorevoljucionnaja_istorija_sela_chast_3_ja/2-1-0-323. (kayryluu datasy: 01.09.2022). (in Russian).

Nikitin, I. (2006). *Istoriya veterinarii*. Kolos, Moskva. (in Russian).

Ploskikh, V.M. (2016). A. Sydykov: geroicheskaya i tragicheskaya sud'ba perevodchika perioda vosstaniya 1916 g. *Nowa Polityka Wschodnia*. *2*(11): 220-233. (in Russian).

Saparaliyev, D. (2004). Sistema upravleniya kyrgyzov v sostave Rossiyskoy imperii 1855 1917 gg. *Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi*. *6*(12): 9-15. https://dergipark.org.tr/tr/pub/manassosyal/issue/49968/640529. (in Russian).

Skryabin, K.I. (1969). *Vospominaniya o rabote v Turkestanskom kraye*. Moya zhizn' v nauke. Moskva. 464. http://coollib.com/b/400740/read (kayryluu datasy: 14.10.2021).

Soltonoev, B. (1993). *Kyzyl Kyrgyz Tarykhy: Tarykhyy ocherkter*. Uchkun, Bishkek, 1-kitep (2008 b), 2-kitep. 224. (in Kyrgyz).

Sventsitskiy, M. (1907). Soveshchaniye veterinarnykh vrachey. *Turkestanskiy sbornik*. Tashkent. T. 428. 196-197. Kyrgyz-Turkish Manas University Library. Türkistan derlemesi http://ts.manas.edu.kg/index.php/tr/mainpage/index (kayryluu datasy: 13.05.2022). (in Russian).

Tukhtametov, F.T. (2003). *Pravovoye polozheniye Turkestana v Rossiyskoy imperii: vtoraya polovina XIX veka: Istoriko-pravovoye issledovaniye: avtoref*. dis. … d-ra yurid. nauk: 12.00.01. Moskva. 17. (in Russian).

Tulobaev, A.Z., & Salykov, R.S. (2016). Narodnaya veterinariya. In: Asankanov AA, Brusina OI, Zhaparov A: Kyrgyzy. Narodnyye kul'tury. 456-462. Nauka, Moskva. (in Russian).

Turdaliyeva, C.H. (2008). *Zapadn·yye puteshestvenniki i issledovateli o kyrgyzakh i Kyrgyzstane (vtoraya polovina XIX – nachala XX vv.)*. Bishkek. 270. ISBN 978 – 9967 – 25-139-7. (in Russian).

Zhunushov, A.T. (1991). *Veterinarnaya sluzhba na putyakh perestroyki: Problemy, opyt, perspektivy*. Uchkun, Bishkek. (in Russian).